| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**АЛА-БУКА РАЙОНУ**<br>**АК-ТАМ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛА-БУКИНСКОГО РАЙОНА**<br>**АК-ТАМСКАЯ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕША** |

Ак-Там айылы с.Ак-Там

**Ак- Там айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын XI кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

11- ноябрь. 2022-жыл. № 11/ 2

**«Ак-Там айыл аймагында Коомчулуктагы айылдардын инвестициялык ассоциациясынын түзүү жөнүндө»**

Коомчулуктагы айылдардын инвестициялык ассоциациясынын (КАИА) аткаруу комитетинин жетекчиси Асанбаев Калматтын маалыматын угуп жана талкуулап, 2005-жылдын 21-февралындагы №36 "Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө" КР Мыйзамын жана 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамын жетекчиликке алып, Ак-Там айыл аймагында түзүлгөн Коомчулуктагы айылдардын инвестициялык ассоциациясын айылдык кеңеште каттоо боюнча Ак-Там айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XI сессиясы, угуп жана талкуулап, **токтом кылат:**

1. Коомчулуктагы айылдардын инвестициялык ассоциациясы (КАИА) айылдык кеңештен каттоодон өткөрүлсүн.
2. Ак-Там айыл аймагында түзүлгөн аткаруу комитетинин уставы Ак-Там айыл аймагынын аймагында аткарылсын.
3. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине каттоо айылдык кеңештин жооптуу катчысы К.Момуновага жүктөлсүн.
4. Токтомду аткаруу жагы айылдык кеңештин төрагасынын орун басары Э.Токтогуловага милдеттендирилсин.

**Ак-Там айылдык кеңешинин төрагасы** **А.Осмонов**